ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ НАУКИ

УДК: 81.8.81.811'373
DOI 10.58649/1694-9099-2026-1-65-69

Абдыкадырова А.А.
КР УИА
Абдыкадырова А.А.
НАН КР
Abdykadyrova A.A
NAS KR.

ЗУУРА СООРОНБАЕВАНЫН «ЧООЧУН КИШИ» РОМАНЫНДА ЭЛЕСТҮҮ СӨЗДӨРДҮН КОЛДОНУЛУШУ
ИСПОЛЬЗОВАНИЕ ОБРАЗНОГО СЛОВА В РОМАНЕ ЗУУРЫ СООРОНБАЕВОЙ «ЧООЧУН КИШИ»
THE USE OF FIGURATIVE WORDS IN ZUURA SOORONBAEVA'S NOVEL "CHOOCHUN KISHI"

Кыскача мүнөздөмө: Бул макалада Зуура Сооронбаеванын «Чоочун киши» романындагы тилдик өзгөчөлүктөр жана элестүү сөздөрдүн колдонулушу талдоого алынат. Чыгарманын көркөмдүүлүгүн арттырган негизги элементтердин бири – элестүү сөздөр болуп саналат. Автор кыргыз тилинин бай лексикалык жана стилистикалык мүмкүнчүлүктөрүн толук пайдаланып, окуяны жандуу жана таасирдүү сүрөттөгөн. Макалада романда көп колдонулган «жарк», «болк», «селт», «мөлт» сыяктуу элестүү сөздөрдүн мааниси, алардын контексттик колдонулушу жана эмоционалдык боёгу терең изилденет. Бул сөздөрдүн ар кандай маанилик өңүттөрдө колдонулушу жана чыгарманы көркөмдөөчү негизги факторлордон экендиги көрсөтүлөт. Ошондой эле, элестүү сөздөрдүн каармандардын ички дүйнөсүн ачып берүүдө жана окуянын динамикасын күчөтүүдө аткарган ролу талдоого алынган. Жыйынтыгында макалада «Чоочун киши» романындагы элестүү сөздөрдүн автордук стилин түзүүдөгү орду жана алардын чыгарманын көркөмдүк баалуулугун арттыруудагы мааниси терең изилденет.

Аннотация: В статье анализируются языковые особенности и использование образных средств языка в романе Зууры Сооронбаевой «Чоочун киши». Одним из основных элементов, подчеркивающих красоту произведения, являются образные слова. Автор в полной мере использовал богатые лексические и стилистические возможности кыргызского языка, чтобы ярко и выразительно описать события. В статье подробно исследуется значение, контекстное использование и эмоциональная коннотация часто используемых в романе образных слов, таких как «жарк», «болк», «селт» и «мөлт». Показано, что эти слова употребляются в различных семантических аспектах и являются одним из главных факторов, придающих произведению художественность. Анализируется также роль образного языка в раскрытии внутреннего мира персонажей и усилении динамики повествования. В результате в статье глубоко исследуется роль образного языка романа «Чоочун киши» в создании авторского стиля и их значение в повышении художественной ценности произведения.

Abstract: The article analyzes the linguistic features and the use of figurative language in the novel by Zuura Sooronbaeva "Choochun kishi". One of the main elements that emphasizes the beauty of the work is figurative words. The author made full use of the rich lexical and stylistic possibilities of the Kyrgyz language to vividly and expressively describe the story. The article examines in detail the meaning, contextual use and emotional connotation of figurative words frequently used in the novel, such as "jark", "bolk", "selt" and "molt". It is shown that these words are used in various semantic aspects and are one of the main factors that give the work artistry. The role of figurative language in revealing the inner world of the characters and enhancing the dynamics of the narrative is also analyzed. As a result, the article deeply examines the role of the figurative language of the novel "Choochun kishi" in creating the author's style and their importance in enhancing the artistic value of the work.

Негизги сөздөр: элестүү сөз; эмоция; метафора; стилистика; контекст.
Ключевые слова: образное слово; эмоция; метафора; стилистика; контекст.
Keywords: figurative word; emotion; metaphor; stylistics; context.

Зуура Сооронбаеванын «Чоочун киши» романы кыргыз адабиятындагы көрүнүктүү чыгармалардын бири. Роман өз ичине терең философиялык жана психологиялык мазмунду камтыйт. Бул чыгарма башка чыгармалардан тилдик өзгөчөлүктөрү, стили жана каармандардын сүйлөө манерасы менен айырмаланат. Себеби романдын тили жандуу, көркөмдүү жана элдик тилге жакын. Автор көркөм образдарды түзүүдө элестүү сөздөрдү кеңири колдонгон. Башкача айтканда, автор кыргыз тилинин мүмкүнчүлүктөрүн толук пайдаланып, окуяны реалдуу жана таасирдүү сүрөттөгөн. Чыгармада кыргыз тилинин бай лексикасы кеңири колдонулуп, автор элдик макал-лакаптарды, туруктуу сөз айкаштарын жана метафораларды активдүү пайдаланат. Ал эми стилистикалык өзгөчөлүктөрү боюнча алсак, автордун тили көркөм, жөнөкөй жана түшүнүктүү. Мында күнүмдүк сүйлөшүү сөздөрү, диалектизмдер жана жергиликтүү өзгөчөлүктөр байкалат. Кээ бир учурларда экспрессивдик сөздөр, күчөтмө мүнөздөгү сөз айкаштары колдонулат. Синтаксисттик жактан жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөр аралаш колдонулган, ошондой эле окуянын динамикасын күчөтүү үчүн кыска, нускалуу сүйлөмдөр да пайдаланылган. Тилдин образдуулугун арттырган поэтикалык сөздөр да кездешет.

Кыргыз тилинде элестүү сөздөргө төмөндөгүдөй аныктама берилген: “Элестүү сөздөр заттардын, көрүнүштөрдүн, кыймыл-аракеттин, кулк-мүнөзүн ж. б. көзгө көрүнгөн кандайдыр бир элесин туюндурат” [1, б. 231].

Бул аныктамага ылайык, чыгармада жандуулукту, элестүүлүктү, көркөмдүктү берип турган, өтө тез, көз ирмемде, пайда болгон, жарык кубулуштарынын о. э. тез аранын ичинде болуп өткөн кыймыл-аракеттин, капысынан, күтүлбөгөн жерден, өзгөрүүгө кабылган ал-абалын, келбетин, көрүнүшүн туюндурган элестүү сөздөр көп кездешет.

Мисалы, элестин бир гана көрүнүшүн же кыска мөөнөттүүлүгүн билдирген жөнөкөй элестүү сөз - “жарк” сөзү, романдын башынан аягына чейин көп колдонулат. Негизинен “жарк” сөзүн биз жарык кубулуштарына байланыштырып карайбыз. Жарыктын тез, көз ирмемде жалт этип көрүнүп кайра жок болушу, кубулуштун өтө тездик менен аткарылгандыгы сүрөттөлөт. Ал эми төмөнкү келтире турган сүйлөмдө, кубулуштун күтүлбөгөн жерден болгондугу жана ошол процесс көпкө уланганын байкасак болот. Ушул маалда свет жарк дей_түштү [3, б. 248]. Ал эми “жарк” сөзүнүн экинчи маанисин алып карай турган болсок, кайсы эл болбосун жарыктын өзүн кандайдыр бир жагымдуу, жайдары, жылуулук сезимдери катары кабылдап, аны оң баалашат. Мисалы: - Мен Үсөнмүн!- деди Толкунбекке жарк эте караган Үсөн күлүп [3, б. 33]. Толкунбек ансыз деле Оштон чыкканы Зыйнатты эстеп, анын бет алдында асфальт жолдун үстүндө улам жарк этип, кашка тиши кашкайып көрүнүп келаткан болчу [3, б. 117]. Жигит бөлмөгө кирип кирбестен эле жарк этти [3, б. 146]. Зыйнат Шерханды карап жарк этти [3, б. 138]. Көрүнүп тургандай, мында “жарк” сөзү дагы бир жаңы мааниде жаркылдаган жайдары мүнөзү, шаттыкты, кубангандыкты, сүйүнгөндүктү билдирүүдө колдонулду. Кийинки мисалды карап көрсөк: Уучуң кур эмес, балам. Жанатың жаркырап айдай болуп аның турат [3, б. 77] Сүйлөмдөгү “жаркырап” сөзүнүн уңгусу “жарк”. Бирок бул жерде “жаркырап” сөзү нурланып, жарык чачып, кооз көрүнүп деген маанилерди билдирет.

Ал эми чыгармада колдонулган дагы бир сөз “болк” сөзү. Автор бул сөздү колдонуу менен чыгарманын эмоционалдуулугун ар түрдүү багытта ачып берген. Мисалы: Ошол замат өзүнүн баягы көргөн түшүн эстеп жүрөгү болк этип кетти [3, б. 258]. Бул мисалда болк сөзү кандайдыр бир күтүлбөгөн жерден чочуп, коркуп кеткендигин көрсөтөт. Ушул эле сөздү башка мисалда карап көрсөк: Жайнагүл Толкунбектин жөтөлүн угуп, жүрөгү болк этти [3, б. 60]. Бул жерде “болк” сөзү жогоруда келтирилген мисалдагы “болк” сөзүнө карама-каршы эмоцияны берет. Анткени чочуп, коркуп кеткендигин эмес тескерисинче толкунданып, кубанып кеткен элесин берип жатат.

Көркөмдүүлүгүн арттырып, окуянын сүрөттөлүшүн күчөткөн “селт” сөзүн да чыгармадан көп кездештирүүгө болот. Бул сөз да кыймыл-аракетти сүрөттөгөн элестүү сөздөрдүн бири болуп саналат. Мисалы: Ал колуна кармап турган падностогу үстү-үстүнө кабаттап коюлган кеселери кыйшайып барып, жерге шарак дей түшкөндө гана уйкудан ойгонгон адамдан бетер селт этти [3, б. 65]. Толкунбектин сезимтал жүрөгү селт этти [3, б. 67]. Өз оюна өзү чөгүп, өзүн өзү жоготуп келаткан кырдаалда жигитти ойдон ойготуп, селт эттирген алиги бейтааныш байбиченин үнү болду [3, б. 119]. Зыйнат селт этти [3, б. 129]. Мисалдарда көрсөтүлгөндөй эле селт сөзү чочуп кеткендикти, адамдын капыстан катуу реакция кылганын билдирип, кыймыл-

аракеттин ыкчам, күтүүсүз болгонун сүрөттөө үчүн колдонулган.

Автор “мөлт” сөзүн да чыгармада көп колдонгон. Кыргыз тилинде “мөлт” сөзү төмөндөгүдөй маанилерге ээ. Негизинен мөлт-мөлт этүү, мөлмүлдөп, мөлтүрөп, – бул шүүдүрүмдүн, суунун, көз жаштын тунук мөлтүлдөгөн тамчы сыяктуу көрүнүштө болуусу. Мисалы: Бир кезде Зыйнаттын көз жашы мөлт деп төгүлүп кетти [3, б. 136]. Көзүнүн жашы мөлт дей түштү [3, б. 340]. Алтынайдын көз жашы кирпигинин ирмеми менен мөлт дей түштү [3, б. 311]. Ушул сүйлөмдөрдөгү мөлт этүү, тактап айтканда көрүнүү, пайда болуу, процесси турат. Бирок ошол эле учурда мөлт этип жок болуу процесси камтылган. Ал эми кийинки сүйлөмдөрдү карасак: - Ма-ма-а! - Көзүнүн кычыгына толгон жаш жалбыракка турган шүүдүрүмдүн тамчысына окшоп мөлмүлдөп турду [3, б. 322]. – Эки көзү жашка толуп мөлмүлдөп баратты [3, б. 183]. Аккыз эженин чарасына толуп мөлмүлдөп турган жашы сыртка сызылып чыга албай, көзүнүн эки кычыгында жалбыракка турган шүүдүрүмдүн тамчысындай мөлтүрөп турду [3, б. 44]. Мөлмүлдөп, мөлтүрөп турду сөзү элестетилген кубулуштун белгилүү бир убакытка чейин созулуп туруп, анан жок болуусун түшүндүрөт.

Элес тууранды сөздөрдүн татаал түрүн да чыгармадан кездештиребиз. Татаал түрү эки сөздөн турат жана маанилик жактан үч топко бөлүп карайбыз.

1. Эки компонентти тең маани берүүчү сөздөрдү да чыгармадан өтө аз кездештиребиз. Мисалы: Кечээ жакында эле жадырап-жайнап туруучу бала кыял, боёо жүрөк жазыксыз жарынын мүнөзү өзгөрүп, тили чыгып, бети ачылып калганын көрүп чийки май жегендей болуп абыгер тартат [3, б. 13]. Бул сөз адамдын же табияттын көрүнүшүнүн кубанычтуу, жаркыраган, жандуу абалын сүрөттөө үчүн колдонулат. Ал эми жогорудагы сүйлөмдө адамдын ички дүйнөсүндөгү өзгөрүүлөр, ыйман жана тазалыкта болгон Жайнагүлдүн мүнөзүнүн бузулушу, чыныгы мүнөзүнүн өзгөрүшү жана аны кабыл алуудагы кайгы-чочуулар сүрөттөлөт. "Жадырап-жайнап" менен "чийки май жегендей" деген контрасттар, өткөн менен азыркы абалдын айырмасын көрсөтүп, сүйлөмгө эмоционалдык оор жүк тартуулайт. Ал эми "жадырап-жайнап" сөзү өз- өзүнчө, жеке колдонулса деле ушул маанини берет.

2. Эки компоненттин бирөө маани берип, экинчиси маани бербей турган сөздөрдү да чыгармадан кездештиребиз. Мисалы: Зыйнаттын башка аялдардан айырмаланган дагы бир жери бала кезинен жылтыр-жултур, кызыл- тазылга жоктугу болучу [3, б. 258]. Негизинен бул сөз көзгө дароо урунган, өтө жаркыраган же ашыкча кооз нерселерди сүрөттөө үчүн колдонулат**.** Бул жерде көзгө урунган, бирок анча маанилүү эмес көрүнүш экенин берген. "Бала кезинен жылтыр-жултур, кызыл- тазылга жоктугу болучу" – Бул жердеги "жылтыр-жултур" жана "кызыл-тазылга" деген сөздөр Зыйнаттын мүнөзүнүн же жашоосунун сырткы көрүнүшүнүн жана ички дүйнөсүнүн абалын сүрөттөйт. Бул сөздөр көбүнчө сыртынан жашынган же көзгө урунган жалтырактыкты, белгилүү бир деңгээлде өтө көрүнүктүү эмес көрүнүштү билдирет. "Жылтыр-жултур" – бул сыртынан жаркыраган, бирок ал жандуу, чын маңыздагы эч кандай тереңдикке ээ эмес көрүнүш. Ал эми "кызыл-тазылга жоктугу" болсо, анын жашоосундагы күчтүү, жаркыраган, кооз нерселердин жоктугун көрсөтөт. Бул анын жашоосунун жөнөкөйлүгүн, туруктуулугун сүрөттөйт, башкача айтканда, Зыйнаттын балалык кези менен азыркы абалынын айырмаларын баса белгилеген сыяктуу. элес калтырат. мында автор анын башка аялдардан өзгөчөлөнүп, жаркыраган, көзгө урунбаган жөнөкөй жашоосун сүрөттөгөнгө аракет кылган. Жыйынтыктап айтканда, “жылтыр-жултур” сөзүнүн эки компонентин бөлүп караганда бирөө гана маани берет, экинчиси жөн гана аны толуктайт. Жылтыр сөзүн жеке алып караганда, жылтылдап көрүнгөн, жылтырак. Өтмө мааниде жылма, такыр деген маанини берет [2, б. 566].

3. Эки компонентин экөө тең маани бербей турган сөздөр да көп кездешет. Мисалы: “Мени кудай албай жамандарга кор кылды. Жоголгула көзүмө көрүнбөй” - деп колуна эмне тийсе, ошону менен уруп, буркан-шаркан түшүп кетер эле [3, б. 55]. Бул эки компоненттүү элестүү сөз, көбүнчө катуу ызы-чуу, башаламандык, ачууланууже эмоцияны күчтүү билдирген кыймыл-аракетти сүрөттөө үчүн колдонулат. Бул бөлүк аркылуу адамдын ачуусу менен акыл-эсинин, эмоцияларынын бирдиктүү сызыгынын бузулушу көрсөтүлөт. "Түшүп кетер эле" деген сөз — адамдын акылсыздык жана таарыныч менен кырдаалга тыкыр көз караш менен карай албай калуусу, күчтүү реакциянын күчөшүн түшүндүрөт. Сүйлөмдө бир адамдын терс эмоциялары, кайгысы жана ачуусу эң жогорку чекке жеткенин көрө алабыз. Ал адамдын өзүн кемсинтүүгө алып келген адамдарга болгон

терс көз карашы жана алардын жок болушун каалагандыгы - аны өзүнүн эмоцияларын башкарууга кыйынчылык жаралып, ачуусунун чыңалгандыгын көрсөтөт [5]. Мындайча айтканда, "буркан-шаркан" сөзү адамдын күчтүү эмоцияларын башкарбай, иш-аракет кылышы менен болгон башаламандыкты билдирет.

Ал эми бул келтириле турган мисалдарда да, эки компоненти тең маани бербейт. Мисалы: - Муун-жүнү бошоп, жүрөгү кабынан чыга каччудай түрсүл согуп, бүткөн бою өзүнөн-өзү ымыр-чымыр болуп, толкундап турган Зыйнат: “Э кудай, оң иш жолуңа башта, акжолтой, ак жүздүү, ыйман-ырыстуу бала боло көр” – деп баланы жерден көтөрүп алып жатып өксөп жиберди [3, б. 161]. Бул сүйлөмдө Зыйнаттын эмоционалдык абалы жана анын баласына болгон терең сезимдери сүрөттөлгөн. "Ымыр-чымыр" сөзү адамдын ички сезимдеринин кандай да бир кыймылга келиши же тынчсызданууусун көрсөтөт. Анын денеси толкунданып, акыркы чечим кабыл алууга даяр экенин билдирет. Зыйнаттын терең эмоционалдык абалын жана анын баласына болгон ысык сүйүүсүн, камкордугун жана бата бергендеги каалоосун сүрөттөйт. Эмоциялары жана дене абалы аныктөрсөтүлүп, Зыйнат өзүнүн баласынын келечеги үчүн ыйманга, адилеттүүлүккө, ийгиликтерге жетишүүсүн өтүнүп, өзүнүн сүйүү жана камкордук сезимдери менен бөлүшөт [4]. Бул сүйлөм аркылуу анын ички дүйнөсү, баласынын келечегине болгон ишеним жана терең тилеги баяндалат. – Бул кайсы бала? Кимди тарткансың? – десем кыңк-мыңк этип жер тиктейт [3, б. 505]. "Кыңк-мыңк этип" деген сөз баланын баш тартуусу же тартынчаактыгын билдирет. Баланын ыраазы болбогон, терс эмоцияларын көрсөтүү үчүн колдонулат. Ал өзүнүн жооп берүүдөн качып, ойлонуп жатканын билдирген."Жер тиктейт" деген фраза баланын уят болуп же толкунданган абалын сүрөттөйт. Бул жерде бала ойлонуп же сөз таба албай жаткандыктан, караштыруу жана көзүн жумуу менен өзүн анонимдүү сактоого аракет кылып жатканын көрсөтөт. Бул сүйлөмдө бала менен болгон диалог көрсөтүлүүдө. "Кыңк-мыңк этип жер тиктейт" деген сөз баланын сүйлөп же жооп берүүдө кыйынчылыкка дуушар болуп, эмоцияларын көрсөтпөй турганын, жашыруун абалда жатканын билдирет. Бул анын кыялдануууга же өзүнүн ой-пикирлерин айта албай турган учурдун белгилери болушу мүмкүн.

Зуура Сооронбаеванын «Чоочун киши» романында элес тууранды сөздөр көркөм ойду тереңдетүү, каармандардын ички дүйнөсүн ачуу жана окуялардын атмосферасын жандуу сүрөттөө максатында колдонулган. Чыгарма өзүнүн тематикалык тереңдиги, каармандардын ички дүйнөсү жана алардын коомдогу орду аркылуу окурмандарга терең ой салып келет. Зуура Сооронбаеванын романынын каармандарынын психологиялык абалы жана алардын ички дүйнөсү айрыкча маанилүү. Автор ар бир каарманды тиричиликке гана байланыштырбай, ошол кишинин ички турмушун, анын сезимдери менен абалдарын сүрөттөйт. Романда элестүү сөздөрдү колдонуу, көркөм сүрөттөмөнүн маанисин күчөтүп, чыгарманы таасирдүү жана эмоционалдык жактан күчтүү кылат. Көркөм сүрөттөө аркылуу каармандардын дүйнөсү, алардын жүрөктөрүндөгү сырлар жана тарыхтагы орду айкын көрүнүп турат. Мындай сүрөттөөлөрдүн жардамы менен окурман каармандардын ар бир кыймылы, ички абалы жана жолундагы кыйынчылыктар тууралуу терең ойлонууга мүмкүнчүлүк алат. Мисалы, баланы сүрөттөгөндө Зуура Сооронбаева анын жан дүйнөсүнүн тынчсызданууусун, ички сезимдерин жана башынан өткөргөн азаптарын элестүү сөздөр аркылуу окурманга жеткирет. Бул аркылуу окуянын мааниси кеңейип, окурман каарман менен байланышты күчөтөт. Зуура Сооронбаеванын «Чоочун киши» романында элестүү сөздөр өзгөчө орунду ээлейт жана чыгарманы терең мазмундуулукка жеткирет. Бул сөздөр аркылуу автор каармандардын ички дүйнөсүн, алардын сезимдерин, психологиялык абалдарын жана коомдук чөйрөдө алган ордун жандуу, терең сүрөттөйт. Элестүү сөздөрдүн жардамы менен чыгарманын мааниси артат, каармандардын ыракаттаган жана кайгырган учурлары реалдуу жана таасирдүү түрдө ачылат. Ал окурманды терең ойлонуга жана каармандар менен байланышты түзүүгө чакырат. Элестүү сөздөрдүн романга кошкон мааниси өзгөчө жана бул аны кыргыз адабиятында баалуу чыгармалардын катарын толуктайт.

Колдонулган адабияттар

1. Абдувалиев Э. Кыргыз тили, Бишкек.: 1998, 231-б.
2. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү 1- бөлүк, Бишкек.: 2016.
3. Сооронбаева З. Чоочун киши, 1-2- китеп. Бишкек.: 2011.

4. Сулайманова, Р. Т. Педагогикалык кесипке даярдоо маселесине арналган изилдөөлөрдүн маңыздык аспектиси / Р.Т. Сулайманова // Alatoo Academic Studies. – 2020. – №. 3. – P. 148-157. – DOI 10.17015/aas.2020.203.17. – EDN IADNMC.

5. Сулайманова, Р. Т. Заманбап мугалимди окуучулардын таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүгө даярдоо / Р. Т. Сулайманова, Н. А. Алымкулова // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. – 2024. – No. 3(119). – P. 38-45. – DOI 10.58649/1694-8033-2024-3(119)-38-45. – EDN HGIOJQ.

Рецензент: ф.и.к., доцент Ибраева Д.А.

УДК 159.922.7:37.015.3
DOI 10.58649/1694-9099-2026-1-69-73

Абдымомунова Г.А.
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
Абдымомунова Г.А.
КНУ имени Жусупа Баласагына
Abdymomunova G.A.
KNU Jusup Balasagyn

КУРАКТЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРДҮН НЕГИЗИНДЕ МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫНЫН ПСИХОЭМОЦИОНАЛДЫК ӨНҮГҮҮСҮ
ПСИХОЭМОЦИОНАЛЬНОЕ РАЗВИТИЕ ШКОЛЬНИКОВ НА ОСНОВЕ ВОЗРАСТНЫХ ОСОБЕННОСТЕЙ
PSYCHO-EMOTIONAL DEVELOPMENT OF SCHOOLCHILDREN BASED ON AGE CHARACTERISTICS

Кыскача мүнөздөмө: Бул макалада мектеп окуучуларынын психоэмоционалдык өнүгүүсү куректык өзгөчөлүктөрүнө жараша изилденип, билим берүү процессинде ар бир жаш өзгөчөлүгүнө ылайыкташкан мамиленин зарылдыгы негизделет. Л.С. Выготский, Д.Б. Эльконин, Ж. Пиаже сыяктуу белгилүү окумуштуулардын теориялары негизинде окуучунун өнүгүүсүнө таасир эткен факторлор, жетекчи ишмердүүлүк жана психологиялык кризистик этаптар каралат. Мындан тышкары, ар бир куректык баскычка ылайык сунуштар берилип, педагогикалык жана ата-эне тарабынан колдоонун маанилүүлүгү баса белгиленет.

Аннотация: В данной статье рассматривается психоэмоциональное развитие школьников с учетом возрастных особенностей. На основе теорий Л.С. Выготского, Д.Б. Эльконина, Ж. Пиаже анализируются кризисные и стабильные периоды развития, ведущие виды деятельности и их влияние на формирование личности. Представлены педагогические рекомендации по эффективной организации учебно-воспитательного процесса в соответствии с возрастом учащихся. Отмечается важность взаимодействия между родителями и учителями на разных этапах взросления детей.

Abstract: This article explores the psycho-emotional development of schoolchildren based on their age-specific characteristics. Drawing on theories by L.S. Vygotsky, D.B. Elkonin, and J. Piaget, it examines crisis and stable developmental periods, leading types of activity, and their impact on personality formation. The paper offers pedagogical recommendations for effectively organizing the educational process according to students' developmental stages. It also emphasizes the importance of collaboration between teachers and parents throughout children's growth.

Негизги сөздөр: куректык өзгөчөлүктөр; психоэмоционалдык өнүгүү; жетекчи ишмердүүлүк; мектеп окуучусу; социалдык адаптация; мотивация; билим берүү.

Ключевые слова: возрастные особенности; психоэмоциональное развитие; ведущая деятельность; школьник; социальная адаптация; мотивация; образование.

Keywords: age characteristics; psycho-emotional development; leading activity; schoolchild; social adaptation; motivation; education.

Ар бир окуучу өзүнүн индивидуалдуу жөндөмдүүлүктөрү, интеллектуалдык өзгөчөлүктөрүнө ээ (индивидуалдуу ишмердүүлүгү, өзүн-өзү баалоо деңгээли, иш